БЕКИТИЛДИ
Буйрук № 30 тартып
28.02. 2022 г.
Сопуева Б.Э.С.

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООНУН ОТЧЕТУ

## Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектеби" Мекемеси

## ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

010. Негизги жалпы билим берүү

## 1. Киришүү

Жетекчи: **Сатиев Эркинбек Соодалиевич**
Телефону: **0702935099**
Email: shkolatilekmata@mail.ru
Сайты: **https://tilekmat.mektebim.kg/**

Юридикалык дареги: **ЧҮЙ ОБЛАСТЫ, МОСКВА РАЙОНУ,**

**ЧОҢ-АРЫК АЙЫЛЫ , МЕДЕРАЛЫ КӨЧӨСҮ**

**Кыскача тарыхы:**

Чоң-Арык айылындагы Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектеби тууралуу жалпы маалымат: Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектеби Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы Москва районунун Чоң-Арык айылында жайгашкан.Мектеп муниципалдык бюджетте, жергиликтүү башкаруу органы Ак Суу айыл аймагына караштуу. Мектеп алгач Чоң-Арык айылында алгачкы агартуу иштери 1928-1929-жылдары мектеп болуп берилген Абылда байдын көк үйүнөн башталган. 1964-жылдары айылга 8 жылдык мектеп курулат. Турмуш оңолуп балдардын саны көбөйүп, 1974-жылы эки кабаттуу 10 жылдык мектеп салынып, ишке берилет. Мына ушул мектептин курулушуна Тилекмат Базаркуловдун кошкон салымы өтө чоң. Бул мектепте Т.Базаркулов 1991-жылга чейин б.а. өмүрүнүн аягына чейин директор болуп эмгектенет. Тилекмат Базаркулов Чичерин орто мектебинде 27 жыл жетекчилик кызматта иштеген. Т.Базаркуловдун сиңирген эмгеги жогору бааланып, 1992-жылдын 15-ноябрында Чичерин орто мектебине Тилекмат агайдын наамы берилет. Мектепте Тилекмат агайдын музейи ачылган. 2019-жыл 30-апрелде мектептин алдына Т.Базаркуловдун айкели тургузулган. 15 класстык бөлмө, анын ичинде компьютердик бөлмө бар, китепкана, мугалимдердин бөлмөсү, директордун, окуу завучунун бөлмөсү,уюштуруучунун бөлмөсү, лаборатория, спорт зал, ашкана жана фойе бар. Азыр 253 окуучу окуп жатат. Мектеп типтүү проект менен салынган жана эки кабаттуу. Жалпы аянты 2734,8 чарчы м.кв. Мектеп көмүр менен жылытылат. Мектептин жетекчиси Сатиев Эркинбек Соодалиевич . Мектеп жамаатында 18 мугалим эмгектенет. Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин педагогикалык жамааты мектептин окуу процессин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн нормативдик укуктук актыларынын, Москва райондук билим берүү бөлүмүнүн көрсөтмөлөрүнүн жана мектептин Уставынын негизинде иш жүргүзүлүп келет.

**2. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоо**

| | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктары | Тастыктоо базасы |
|---|---|---|---|

Стр 2-20

| **1. Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы** | | | |
|---|---|---|---|
| 1.1. | Окуу планынын жана программаларды н билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Окуу планы мамлекеттик стандарттын талаптарына туура келет жана КР нын ББИМнин 2021-жылдын 20-августундагы № 1460/1 буйругу менен бекитилген. Базистик окуу планына ылайык түзүлгөн. Окуу планына КРнын ББИМнин окуу китептери менен окуу колдонмолору каралган. Тилекмат атындагы ЖББ орто мектебинде 11 класс комплект бар жана 229 окуучу окуйт. Окуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. "Наристе" 480 сааттык программа менен 24 окуучу окуйт. | Базистик окуу планыfile:///C:/Users/User/Documents/img20211016_18284581.pdf<br>Регламентfile:///C:/Users/User/Documents/img20211015_14491269.pdf<br>Базистик окуу планы боюнча жобо<br>Мектеп уставы<br>Тарификация комиссиясынын курамын бекитуу ж/дө буйрук<br>Орт коопсудугун сактоо жана алдын алуу жөнүндө буйрук Укук бузуунун алдын алуу жана аны болтурбоо ж/до буйрук Өзүн - өзү баалоо камиссиясын түзүү жөнүндө буйрук Эмгекти коргоо инструкциясын бекитүү боюнча<br>Жол эрежесин сактоо буйругу. Предметтик стандарт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | таблица менен көрсөтүлүшү | |
| 1.2. | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому мнен бекитилген КРнын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иш алып баруу менен Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин билим сапатын камсыздоо максатында 2021-жылдын 25-августундагы № 1 Педагогикалык кеңешмеде бекитилген мектептин өнүгүү планында (стратегиялык план 2017-2022-о. ж.) мектптин миссиясы жана максаттары чагылдырылган.<br><br>Мектепти жана кызыктар тараптарды өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктары менен кошумча талаптар керек экендигин эске алуу менен МӨП (страт пл) киргизилген . Педагогикалык кеңештердин маселелери талапка ылайык, | Мектепти онуктуруу иш планы<br>Стратегиялык план |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | зарыл деп табылган маселелер менен алмашылып турат. | |
| | | уландысы | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3. | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу | Мектепте билим берүүнүн максаттарына ылайык материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары менен камсыздалган. Окуу процеесин уюштурууда зарыл техникалык каражаттар бар жана жылына толуктоолор болуп турат. Мектеп сайты ачылган. Электрондук почта бар.<br><br>Мектепте маалыматтык ресурстарга ээ- окуучулардын контингентине карата, анын ичинде окутуу тилдери боюнча окуу-методикалык адабият фонду. Окуу китептеринин камсыз болушу: жалпы мектеп китептердин саны- 4167, анын ичинен окуу китептеринин саны-3323.<br><br>Китепканачынын анализи пед кеңешмелерде жана директор алдында кеңешмелерде каралат.<br><br>д 10 | Китепкананын иш планы<br>китепкана боюнча жобо<br>Китепкана боюнча анализ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.4. | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу | Мектепте Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө, Мугалимдин статусу жөнүндө мыйзамдары, билим берүү программаларын ишке ашырууда жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктары, билим берүү уюмдарынын иштерин жөнгө салуучу иш укуктук-нормативдик актылары, мектептин Уставы жетекчиликке алынып, окуучуларга сапаттуу билим берүү артыкчылыктуу мааниге ээ.<br><br>Билим берүү мекемелеринин, мектеп окуучуларынын маалыматтык коопсуздугу көйгөйү – азыркы учурдагы эң актуалдуу маселелердин бири. Интернеттен коркунучтардын саны өсүүдө, демек мезгилдин агымында окуу процессинин маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуунун ыкмалары да өзгөрүүдө. Маалымат коопсуздугу- маалыматтын купуялуулугун, бүтүндүгүн жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга кызыкдар болууга тийиш.<br><br>Бүгүнкү күндө маалыматтык коопсуздукту камсыздоого тийиш болгон үч базалык принцип түзүлгөн: | 480 сааттык даярдоо боюнча тузулгон окуу планы<br>Мугалимдин статусу<br>Билим беруу программасынын жобосу<br>Мугалимдерди топтоштуруу<br>Чейректик отчет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -маалыматтардын бүтүндүгү-маалыматты жоготууга алып келген бузулуулардан коргоо, ошондой эле өзгөртүлбөгөн түзүүдөн же маалыматтарды жок кылуудан коргоо;<br><br>-маалыматтардын купуялуулугу;<br><br>бардык ыйгарым укуктуу колдонуучулар үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгү.<br><br>Мектепте коопсуз маалыматтык системаны түзүү боюнча жалпы чаралар болуп төмөнкүлөр саналат::<br><br>Тышкы уруксатсыз таасирлерден компьютерлерди коргоо<br>(компьютер программалуу, хаккерлер, ж. б.))<br><br>Билим берүү милдеттерине ылайык эмес, мазмун менен сайттарды чыпкалоо үчүн интернет континенттик чыпкалоо пайдалануу. | |

| |
|---|
| күчтүү жактар • Мектептин жетишкендиктеринин арбын болушу; • Окуу процессине кызыкдар болгон ата-энелердин көбөйүшү ; • Окучулардын 90% окуу китептери менен камсыз болушу; Педагогигалык кадрлардын жетиштилүүгү; • Окуу-тарбия иштеринде жаны технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү. • Окуу планынын аткарылышы • Педагогдордун кесиптик деңгээлин жогорулатуусу жана чыгармачылык менен изденүүсү;<br><br>Алсыз жактар: • Адабий окуу китептеринин аздыгы; • Заманбап технологиялардын жетишсиздиги; • Ата-энелердин мектептин проблемасын чечүүгө пассивдүүлүгү • Ар бир предметтер боюнча окуу методикалардын,окуу китептердин, курал-жабдыктардын жетишсиздиги • Окуучулардын сабакка жакшы көңүл бурбагандыгы • Билим сапатын арттырууда, ата-энелер коомчулугунун катышуусунун төмөндүгү;<br><br>Сунуштар: Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга кеткен жол, тамак-аш чыгымдарынын суммасы жогорулатылып, убагында төлөнсө.Ком.услуг берилсе. |
| **2. Компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.2. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу<br>2.1. Окуутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу. | Мектептин окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планында мектептин максаты коюлган.<br><br>Мектептин максаты:<br><br>1.Жаңы технологияны өздөштүрүү менен билим сапатын өстүрүү<br><br>2 .Чыгармачыл мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу, жаш мугалимдердин кесипкөйлүгүн арттыруу<br><br>3.Кыргыз элдин каада- салттарын сабакта пайдалануу менен окуучуларды маданиятка, ыймандуулукка тарбиялоо, ошондой эле эмгекти сүйгөн чынчыл инсанды өстүрүү.<br><br>4.Ата-энелер менен коомчулуктун байланышын күчөтүү,аларды тарбия ишине тартуу,балдарга болгон жоопкерчилигин арттыруу.<br><br>5.Мектептин материалдык базасын чыңдоо. Мугалимдер жамаатынын жана администрациянын алдында коюлган максаттарга жетүүгө , милдеттерди аткарууга, сапаттуу мониторингдерди жүргүзүүгө жана ишти баалап, ишке ашырууга төмөндөгүдөй иш - чаралар пайдаланылган:<br><br>-Окуу планынын аткарылышы;<br><br>-Окуучулардын жетишкендиктери ;<br><br>-окутуу, тарбиялоо, сабак берүү;<br><br>-Усулдук иштер, кадрларды туура тандоо; | Мектептин максаты<br>480 сааттык программа<br>Мектептин иш планы<br>Тарбиялык иш план |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -Мектептин чөйрөсү(шарттар) жана ички эрежелер;<br><br>-Окуу процессин башкаруу жана көзөмөлгө алуу; Окутуунун максаттары стандартка ылайык, окуучунун компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Сабактардын пландары окуучунун кызыкчылыгын көздөйт жана мамлекет пландаштырган максаттарга туура келет. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2.2. | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Окутуу жана тарбиялоо прцессинде 1-4-класстар арасында USAID «Бирге окуйбуз» долбоору, Мерсико долбоорунун алкагында ”Келгиле окуйбуз”, “Окуу керемет” жана башка долбоорлор коомчулук менен инновациялык технологияларды пайдалануу аркылуу иш жүргүздү. Бул проект , программалар менен иш алып баруу , чыгармачыл окуучуларды аныктоо , окууга болгон кызыгуусун арттырууга, жыйынтыгында билим сапатынын жогорулашына түздөн түз жакшы таасирин тийгизээрин практика көрсөттү.<br><br>Мектепте 10 компьютер, 3 телевизор, 3 принтер, 1 проектор, 1 проектор үчүн экран бар, компьютердик класста, окуу бөлүмүнүн башчысынын бөлмөсүндө жана мугалимдер бөлмөсүндө интернет туташтырылган жана иштейт.<br><br>Биздин мугалимдер колдонот:<br><br>Мугалимдер, электрондук программалар боюнча ар кандай сабактарды: аудио жана видеофрагменттерди даярдоо, класстан тышкаркы иш-чараларды, даталуу күндөрдү жана олимпиадаларга даярдоо үчүн электрондук технологияларды колдонушат. Ошону менен бирге: | “Окуу керемет” иш планы<br>“Окуу керемет” анализи<br>Сабактардын иштелмелери:<br>Кыргыз тили сабагы<br>Математика сабагы<br>Химия сабагы | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | презентациялар, тесттик жана контролдук тапшырмалар. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Окутуу жана тарбиялоо процессинде ата-энелерден сурамжылоо, анкета жүргүзүү жана башка кайтарым байланыш алуунун процесси уюштурулган жана талданган. 2020-2021 окуу жылдары электрондук журнал менен иш жүргүзүлдү. Ар бир ата-эне менен байланыш түзүлүп, өздүк телефондорунан балдардын алган бааларын жана берилген тапшырмалар боюнча маалымат алып турушат. Ар бир мугалимдин жеке электрондук почтасы менен иш алып баруу жагы иштелип жатат.<br><br>Жалпы мугалимдерден 100 % электрондук почта, акылдуу мектеп менен иш алып барышкан. Ар бир класс жетекчи окуучулардын ата-энелери менен группа ачып системалуу түрдө тыгыз байланышта болушат. Педагогдордун ишинин ыкмаларын жана технологияларын корректировкалоо максатында окутуунун натыйжаларын жана сабактарды талдоо жана өзүн-өзү талдоо иши туруктуу жүргүзүлөт. | Ата - энелер комитети жонундогу жобо<br>Ата - энелер жана коомчулук мене иштоо иш планы<br>Сабактын иштелмеси<br>Сабактын иштелмеси |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.4. | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | Мектепте окуучулардын билимин баалоо чейректик жана чейрек ичинде түзүлгөн планга ылайык жүргүзүлөт. Билим берүүнүн стандартына ылайык баалоонун түрү пайдаланылат. 2020-жылы киргизилген электрондук журнал аркылуу ар бир ата-эне окуучунун билими тууралуу маалымат алып турушкан. Чейректик жат жазуу, текшерүү иши же тест алуу учурунда окуучуга тапшыруучу ишинин көлөмү , баалоо критерийлери мугалим тарабынан маалымдалып турат, окуу бөлүмү тарабынан көзөмөлгө алынат. Ички көзөмөлдүн жыйынтыгы жана мамлекеттик сынактын жыйынтыгы “Сынак тактасында” чагылдырылат. | Мектеп ичиндеги көзөмөл жөнүндө жобо<br>Мектеп ичиндеги көзөмөлдүн иш - планы<br>Окуу тарбия иштери боюнча анализ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.5. | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Окуучулардын билимин баалоодо алына турган чейректик жат жазуу, текшерүү иштери, тест, башталгыч класстардын окуучуларынын окуу тездиги, срез жана башка жазуу иштери мугалимдердин календардык планында так көрсөтүлгөн. Чейректеик жат жазуу, текшерүү иши же тест алуу учурунда окуучуга тапшыруучу ишинин көлөмү , баалоо критерийлери мугалим тарабынан маалымдалып турат, окуу бөлүмү тарабынан көзөмөлгө алынат. Мектептин планына ылайык ар бир предмет боюнча жумалык декадалар жана предметтик текшерүүлөр мектептин ички көзөмөлүндө иш алынып барылат. Жыйынтыктары педагогикалык кенешмеде жана директор алдындагы кенешмеде каралат. Метод кенешмеде талкуу жүргүзүлөт. Ички көзөмөлдүн жыйынтыгы жана мамлекеттик экзамендердин жыйынтыгы “Экзамен тактасында” чагылдырылат. Жыл сайын окуучулар Жалпы Республикалык тестирлөөгө ЖРТ , НЦТ , ЖМА катышат.  Мектепте  “Мектептин сыймыгы”, “Мугалимдер бурчу”, “Ата-энелер бурчу”, “Класстык бурч” деген стенддер бар.Андан тышкары мектепте аткарыла турган иштер класстык сааттар,класстык жана ата-энелер чогулуштары аркылуу мектеп тарабынан билдирилип турат. | НЦТ боюнча мониторнги<br>Апелляциялык комиссиянын жол жоболору<br>Директор алдындагы кенешме<br>“Мектептин сыймыгы” бурчу<br>“Мугалимдер” бурчу<br>“Ата-энелер” бурчу<br>Класстык  бурчтар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | Мектепте окуу бөлмөлөрү , окуу залдары, спорт зал кышкысын жылуу. Окуучулардын билим алуусуна жана мугалимдердин иштөөсүнө шарттар түзүлгөн. Стратегиялык планда каралган балдардын коопсуздугун көзөмөлдөө максатында мектепке 7 видео көзөмөл орнотулган. Мектепте ашкана бар. 1-4-класстардын окуучуларына ыск тамак берүү быйылкы 2022-жылга ишке ашыруу каралып жатат. Мектеп ашканасында толугу менен талапка ылайык шарттар тузүлүүдө.<br>Жылуулук ситемасы толугу менен иштелет.<br>Абанын тазалыгы камсыздалып, нымдуу уборкалар жүргүзүлүп , тыныгуу убагында желдетүү иштери аткарылып турат. Жугуштуу ооруларды алдын алуу максатында керектүү учурда хлор менен уборка жасалат. Бүгүнкү күндөгү кырдаалга байланыштуу билим берүү тармагынан, айыл өкмөтү жана ата-энелер тарабынан локтевой дозатор, дезковрик, антисептик, суюк самындар , маска жана бир жолку кол аарчы кагаздар менен камсыз болдук.<br>Окуучулар арасында сергек жашоо боюнча класстан тышкаркы иштер жана класстык сааттар өтүлүп турат. Медицина кызматкерлери менен тыгыз иш жүргүзүлөт. | Техникалык коопсуздук боюнча буйрук<br>Техникалык коопсуздук жонундо жобо<br>“Сергек жашоо” боюнча иш план<br>Сергек жашоо боюнча иштердин анализи<br>Жугуштуу ооруларды алдын алуу боюнча иш план<br>Жугуштуу оруулары алдын алуу иштери боюнча маалыма |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Мектепте билим сапаты боюнча акыркы 5 жыл ичинде баалонун негизинде мониторинг жүргүзүлүп турат.<br>мониторинг | Окуучулардын билим сапаты боюнча мониторинги |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Окуучуларды мектепке кабыл алуу КР Өкмөтүнүн "Билим берүү жөнүндө", "Балдар жөнүндө" 12.09.2011 ж. №541и токтомунун негизинде жүзөгө ашырылат."Типтүү жоболорун билим берүү мекемелеринин жана мектептин Уставы. "Кабыл алуу жөнүндө Жобого"ылайык ишке ашырылат.<br><br>Ал эми сырттан келген адамдар үчүн атайын журнал ачылган. Ар бир адам мектептин иш алып баруусу жана билим-тарбия иштери боюнча өз ойлорун жазып кетет. Ошондой эле тарбия иштери боюнча класстан тышкаркы иштердин орун басарынын ИДН менен биргеликте түзүлгөн каттоо журналы түзүлгөн. Кызыкдар тараптардын кайрылууларына кайтарым байланыш жасоонун жол-жоболору иштелип чыккан жана ишке киргизилген.<br><br>Мектепте көрүнүктүү жерде “Ишеним почтасы” орнотулган, “Ишеним почтасы” мектептин соцпедагогу тарабынан көзөмөлгө алынып турат. Почтага түшкөн окуучулардын арыздары, кайрылуулары мектеп жетекчилиги менен бирге талкууга алынып, жыйынтыктар чыгарылып, чечимдер кабыл алынып турат | Соц педагог дордун иш -чаралары боюнча маалымат<br>Соц педагогдун жылдык иш анализи<br>Соц педагогдун иш планы |

күчтүү жактар: Окуутуу жана тарбиялоо процесстеринде билим берүүчү ар кыл проект , программалардын алкагында иш алып баруу билим сапатына түздөн-түз жакшы таасир тийгизип жаткандыгын байкоого болот. Мында чыгармачыл окуучуларды аныктоого, алар менен жекече окуучулардын, мугалимдердин жараткан ийгиликтеринин аркасында чоң стимул алып жаткандыгы көрүнөт. Окутуу, тарбиялоо процессине социалдык долбоорлорду киргизүү жана коомчулукту тартуу менен инновациялык технологиялар жатат. Мектептеги бардык компьютерлер интернетке кошулуп, окуучулардын жана мугалимдердин изденүүсүнө жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Педагогикалык методдорду, окутуунун формаларын жана технологияларын жайылтууда окуучулар жана ата-энелер менен байланышты жакшыртуу , чындоо багытында иш жүргүзүлүп жатат.

Алсыз жактар: Ата-энелердин баласынын билим алуудагы жетишкендиктерине жоопкерчиликтеринин аздыгы. Интерактивдүү доскалардын жоктугу, билим берүү технологияларынын жетишсиздиги.

Сунуштар: Окутуу жана тарбиялоо процесстеринде билим берүүчү ар кыл проект, программалардын алкагында иш алып баруу билим сапатына түздөн-түз жакшы
таасир тийгизип мектептин өнүгүп өсүшүнө, билим сапатынын курчушуна
салымын
берет.

стр 12 из 20

**3. Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1. | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Мектепте педагогикалык жана көмөкчү курамдын комплекттелиши, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө ылайык. Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып , отчет берилип турат.<br><br>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын толук сактоо менен мектеп ар кандай себептер менен ишке кабыл алууда басмырлоого жол бербейт. Жаш адистер жаатында персоналдарды толуктоонун негизги булагы-ЖОЖдор. Орун басарлардын, мектептин жетекчилеринин кызмат орундарын ээлөө өздүк кадрлар резервинен жүргүзүлөт.<br><br>Жетекчи кызмат орундарына дайындоодо конкурстук тандап алуу принциби сакталат. Дайындоо жөнүндө чечимди директор кабыл алат. Кызматкердин бир кызмат ордунан экинчисине которулуусунда анын кызыкчылыгы жана мектептин кызыкчылыгы эске алынат. Кызматкерди мурдагы кызмат ордуна мажбурлап кармап турууга жол берилбейт.<br><br>Мектепте педагогикалык курамдын комплекттелиши, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө | Кружоктук иштер<br>2021-2022 окуу жылына карата топтоштуруу<br>Мугалимдердин сапаттык курамы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ылайык. Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып кадрдык отчет берилип турат.<br><br>Педагогикалык кадрлардын жалпы саны- 18.<br><br>Жогорку билимдүү -16<br><br>Орто кесиптик - 1<br><br>Анын ичиндеги декреттик өргүүдө-1<br><br>КР нын “Билим берүүсүнүн отличниги” - 8<br><br>Жалпы педстаж боюнча: 1 жылдан 5-жылга чейинкилер -3<br><br>5жылдан 10 жылга чейин - 1<br>10 жылдан 15 жылга чейин – 2<br>15жылдан өйдө стажы бар- 13<br><br>уландысы | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.2. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу үчүн педагогдор менен ата энелер ортосунда келишимдер түзүлгөн. Анкета түрүндө алынып физикалык коопсуздук боюнча имараттын коопсуздугу, бөлмөлөрдүн жарыктандырылышы, класстык бөлмөлөрдүн жылуулугу, желдетилиши, таза суу менен камсыз болушу, мебелдердин коопсуздугу ата энелер , жергиликтүү бийлик менен кайрылууларды, макулдашууларды жүргүзүү, көйгөйлөрдү суроо жооп аркылуу аныктап алып, мектептин өнүгүү планына (стратегиялык планга) киргизилген, айрым учурда тез кабыл алынуучу маселеллер педагогдордун чогулушунда чечилет. Балдардын ден соолугун коргоо, жугуштуу ооруларды алдын алуу үчүн ФАП кызматкери менен мониторинг жүргүзүлүп турат. ИДН кызматкерлери менен ай сайын чогулуштар өтүлүп түшүндүрүү иштери жүргүзүлуп турат, мектепте коопсуздуктун алдын алуу үчүн 7 видео көзөмөл орнотулган.<br><br>Өрт коопсуздугу боюнча мектепте талапка ылайык 2 щит орнотулган. Анда керектелүүчү шаймандар толугу менен камсыздалган. Өрт коопсуздугу боюнча план түзүлгөн. Жергиликтүү бийлик тарабынан 96өрт өчүрүүчү баллон жаныртылды. Эвакуация план бар. | Отр коопсуздугу боюнча иш план<br>Эвакуационный план |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.3. | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Мектепте педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү системасы бекитилген жана иштеп жатат:<br><br>- окутууга болгон суроо-талаптарды жыл сайын баалоо жүргүзүлөт;<br><br>- Жыл сайын мектептин педагогдору өздөрүнүн квалификациясын курстарда, семинарларда же тренингдерде (дистанциондук тренингдерди кошкондо) жогорулатышат);<br><br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br><br>- насаатчылык системасы бекитилген жана иштеп жатат;<br><br>Ар бир окуу жылынын башында райондук билим берүү бөлүмүнө мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдердин тизмеси бекитилип берилет.<br><br>2016-2017-окуу жылында 100 % 18 мугалим өткөн<br><br>2017-2018-окуу жылында 0 % | Билимин жогорулатуу боюнча отчет сертификаттар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2018-2019-окуу жылында  0 %<br><br>2019-2020окуу жылында  0%<br><br>2020-2021-окуу жылында 24 % 4 мугалим өткөн<br><br>2021-2022-окуу жылында  17,6%  3 мугалим барат.<br><br>1 окуп жатат.<br><br>Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн 5 жыл сайын жиберилет, андан сырткары тренингдерге,кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга барышат. Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясы боюнча камсыздалышы 94,7%. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| күчтүү жактар 1.Педагогикалык кадрлардын үзгүлтүксүз өз билимин өркүндөтүү үчүн квалификацияны жогорулатууга баруусу. 2. Пед. кадрлардын 94,7% жогорку билимдүү жана 94,7% өз адистиги менен иштөө билим сапатын көтөрүүгө эң чон пайда алып келет 3.Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө тынымсыз иштөөсү. 4.Семинарлаларга катышуу менен ар кандай методдор менен сабак берүү 5. КТУ нун негизинде стимул берүү 6. Физикалык коопсуздук боюнча . Мектепте балдардын окуусуна бардык шарттар түзүлгон. Класс жарыктандырылган , таза, желдетилип турат. Атайын форточкалар бар.<br><br>Алсыз жактар: Электрондук каражаттарды иштетүүдө жана аралыктан окутууда накта кесипкөйлөрдүн жоктугу<br><br>Сунуштар: Мамлекет тарабынан интерактивдүү доскаларды, электрондук каражаттарды жана акыркы версиядагы компьютерлерди камсыз кылса. | | | |
| **4. Материалдык-техникалык база** | | | |
| 4.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу | Мектепте балдардын билим алуусуна жана мугалимдердин иш алып баруусуна шарт түзүү маскатында мектептин материалдык базасын чыңдоо иштери жүргүзүлүп келет. Мектептин штатына бекитилген медициналык кызматкер жок болгондугуна байланыштуу окуучулардын жана педагогикалык курамдын ден-соолугуна кам көрүү айылдык үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медициналык кызматкерлери тарабынан камсыздалат. «Коопсуз мектеп» программасынын негизинде мектепке видео камералар орнотулган. Учурда мектеп талапка жооп берет. Мектепте китепкана, ашкана, спортзал, 115класс бөлмөлөрү, 3 административдик бөлмөлөр, 1 мугалимдер бөлмөсү, 10 компьютер, 3 принтер, 3 телевизор, 1 | Китепкана<br>Ашкана<br>Спортзал<br>Тилекмат атындагы ЖББО мектебинин тех.паспорту<br>Класс бөлмөлөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | проектор, 1 проектор үчүн экран бар. Бардык компьютерлер интернетке туташтырылган.<br>Мектепте 253 окуучу билим алат.<br>Кышкысын жылуу, жарык балдар үчүн ыңгайлүү шарттар түзүлгөн. Жогорку билимдүү мугалимдер менен камсыз болгон.<br>стр 18-20 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | докладдар окулуп турат. Жылыга жаңы окуу жылына окуу семинарлары уюштурулуп, инструктаж өткөрүлөт. Класстык бөлмөлөрдө ,залда коопсуздук эрежелерини көрсөтмөлөрү илинген. Ар бир класс жетекчи окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен , инструктаж өткөрүлүп, кол койдурулат.<br><br>Мектепте эмгекти коргоо жөнүндө жобонун талаптарына ылайык иш төмөнкү багыттарда жүзөгө ашырылат:<br><br>* Нускоолорду өткөрүү (киришүү - ишке кабыл алууда, алгачкы жана мезгилдүү, максаттуу – окутуучу жана кенже тейлөөчү кызматкерлер менен) – белгиленген мөөнөткө ылайык дайыма жүргүзүлөт;<br><br>• Окуп жаткан опурталдуу предметтердин (физика, химия, биология, технология, спорттук иш-чаралар, информатика) окутуучулары менен практикалык жана лабораториялык иштерди жүргүзүүдө коопсуздук боюнча инструктаждарды өткөрүү);<br><br>Окуп жаткандардын арасында профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү жана жаракат алууга жол бербөө максатында ар бир кабинетте коопсуздук бурчу тариздедди (жол кыймылы эрежелери жана өрт коопсуздугу боюнча) | Жол эрежесин сактоо буйругу<br>Эмгек тартибин коргоо иш планы<br>СЭСтин актысы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектептин антитеррористтик жактан коргоо чаралары.<br><br>Видеокамералар орнотулган. Мектепте төмөнкүлөр бар:<br><br>Абалды толук көзөмөлдөө үчүн 3 сырткы жана 4 ички байкоо камералары орнотулган;<br><br>Өрт коопсуздугунун чаралары-өрт коопсуздугунун нормативдик – укуктук актыларын, эрежелерин жана талаптарын сактоо, ошондой эле өрткө каршы иш – чараларды жүргүзүү;<br><br>Кыргыз Республикасынын Өрткө каршы режими боюнча белгиленген эрежелердин нормаларына ылайык өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен камсыздалган. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча иштер мектептин өнүгүү планында каралган. Жергиликтүү башкаруу, ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн,мектепти мурда бүтүп кеткен 10,20 жылдык бүтүрүүчүлөрү финансылык жактан ресурстарды жакшыртуу боюнча көргөзгөн жардамдары.<br>финансылык жактан ресурстарды жакшыртуу боюнча көргөзгөн жардамдары. | Коп жылдык милдет<br>Мектептин коп жылдык максаты материалдык базаны чыңдоо планы<br>Айыл өкмөтү тарабынан берилген смета<br>РБББ тарабынан берилген смета |
| күчтүү жактар • Окуучулардын 90% окуу китептери менен камсыз болуусу; • Мектеп ашканасынын талапка ылайык жабдылышы; • Окуу-тарбия иштеринде жаңы технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү; • Материалдык базаны чыңдоо үчүн долбоорлор менен иш алып баруу; • Демөөрчүлөрдүн жылдан жылга көбөйүшү • Маалымат ресурсу , интернеттин кенири колдонулушу.<br><br>Алсыз жактар: 1. Персоналдардын айлык акысынын аздыгы. 2. Ремонтко болүнгөн акчалардын тендер менен чектелиши. 3.. Ремонт иштерине бюджеттен аз акча болүнүүсү. Жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу. 4. Окуу талабынын жогору болушу. 4. Окуу куралдарына акча каражаттарынын жетишсиздиги. 6. Миграциянын күчөшү.<br><br>Сунуштар: Ремонт иштерине бюджеттен көбүрөөк акча бөлүнсө. Жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу. | | | |

## 3. Корутунду

Өткөрүлгөн баалоонун негизинде комиссия документтерди институционалдык/программалык аккредитациялоодон өткөрүү үчүн ыйгарым укуктуу органга жөнөтүүнү сунуштайт.

<table>
<tr>
<td>4.3.</td>
<td>Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу</td>
<td>Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча иштер мектептин өнүгүү планында каралган. Жергиликтүү башкаруу, ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн,мектепти мурда бүтүп кеткен 10,20 жылдык бүтүрүүчүлөрү финансылык жактан ресурстарды жакшыртуу боюнча көргөзгөн жардамдары.<br><br>финансылык жактан ресурстарды жакшыртуу боюнча көргөзгөн жардамдары.</td>
<td>Коп жылдык милдет<br>Мектептин коп жылдык максаты материалдык базаны чыңдоо планы<br>Айыл өкмөтү тарабынан берилген смета<br>РБББ тарабынан берилген смета</td>
</tr>
<tr>
<td colspan="4">күчтүү жактар • Окуучулардын 90% окуу китептери менен камсыз болуусу; • Мектеп ашканасынын талапка ылайык жабдылышы; • Окуу-тарбия иштеринде жаңы технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү; • Материалдык базаны чыңдоо үчүн долбоорлор менен иш алып баруу; • Демөөрчүлөрдүн жылдан жылга көбөйүшү • Маалымат ресурсу , интернеттин кенири колдонулушу.<br><br>Алсыз жактар: 1. Персоналдардын айлык акысынын аздыгы. 2. Ремонтко болүнгөн акчалардын тендер менен чектелиши. 3.. Ремонт иштерине бюджеттен аз акча болүнүүсү. Жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу. 4. Окуу талабынын жогору болушу. 4. Окуу куралдарына акча каражаттарынын жетишсиздиги. 6. Миграциянын күчөшү.<br><br>Сунуштар: Ремонт иштерине бюджеттен көбүрөөк акча бөлүнсө. Жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу.</td>
</tr>
</table>

## 3. Корутунду

Өткөрүлгөн баалоонун негизинде комиссия документтерди институционалдык/программалык аккредитациялоодон өткөрүү үчүн ыйгарым укуктуу органга жөнөтүүнү сунуштайт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча иштер мектептин өнүгүү планында каралган. Жергиликтүү башкаруу, ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн,мектепти мурда бүтүп кеткен 10,20 жылдык бүтүрүүчүлөрү финансылык жактан ресурстарды жакшыртуу боюнча көргөзгөн жардамдары.<br>финансылык жактан ресурстарды жакшыртуу боюнча көргөзгөн жардамдары. | Коп жылдык милдет<br>Мектептин коп жылдык максаты материалдык базаны чыңдоо планы<br>Айыл өкмөтү тарабынан берилген смета<br>РБББ тарабынан берилген смета |
| күчтүү жактар • Окуучулардын 90% окуу китептери менен камсыз болуусу; • Мектеп ашканасынын талапка ылайык жабдылышы; • Окуу-тарбия иштеринде жаңы технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү; • Материалдык базаны чыңдоо үчүн долбоорлор менен иш алып баруу; • Демөөрчүлөрдүн жылдан жылга көбөйүшү • Маалымат ресурсу , интернеттин кенири колдонулушу.<br><br>Алсыз жактар: 1. Персоналдардын айлык акысынын аздыгы. 2. Ремонтко болунгөн акчалардын тендер менен чектелиши. 3.. Ремонт иштерине бюджеттен аз акча болүнүүсү. Жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу. 4. Окуу талабынын жогору болушу. 4. Окуу куралдарына акча каражаттарынын жетишсиздиги. 6. Миграциянын күчөшү.<br><br>Сунуштар: Ремонт иштерине бюджеттен көбүрөөк  акча бөлүнсө. Жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу. | | | |

## 3. Корутунду

Өткөрүлгөн баалоонун негизинде комиссия документтерди институционалдык/программалык аккредитациялоодон өткөрүү үчүн ыйгарым укуктуу органга жөнөтүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрагасы: Сатиев Э.С.

Комиссиянын мүчөлөрү: Токеева Б.Э.

Мендегулова Г.Б.

Ильясова С.К.

Бокоева Г.А.

Кошоева Н.К.

Урманбетова Н.З.